УДК 327 (575.2+519.5)

# ИНТЕРЕСЫ В СОТРУДНИЧЕСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ С РЕСПУБЛИКОЙ КОРЕЯ

***А.Т. Ормонова***

Рассматриваются цели и задачи внешней политики Кыргызстана и его интересы во взаимоотношениях с Республикой Корея. Кыргызстан проводит многовекторную, открытую внешнюю политику, в которой придерживается демократических принципов. Цели во внешней политике Кыргызстана были заново определены в стратегии развития на 2013–2017 гг. Основными целями и задачами во внешней политике являются: привлечение инвестиций в экономику, защита интересов и прав граждан Кыргызстана, улучшение отношений со странами региона и мира. Интересы в сотрудничестве с Кореей связаны с такими причинами, как схожесть менталитета и культуры двух стран, перенятие модели развития общества и экономики Кореи, наличие корейской диаспоры в Кыргызстане, рабочая миграция в Корею, привлечение инвестиций в экономику. Исходя из целей во внешней политике, Кыргызская Республика во взаимоотношениях с Корейской Республикой акцентирует основное внимание на экономических отношениях.

*Ключевые слова:* Кыргызская Республика; внешняя политика; цели; Корейская Республика; интересы в сотрудничестве; направления сотрудничества.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРЕЙ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Бул макалада Кыргызстандын тышкы саясатындагы максаттары жана милдеттери, анын Түштүк Корея менен кызматташууга болгон кызыкчылыктары каралган. Кыргызстан көп векторлуу, ачык жана демократиялык принциптерге таянган тышкы саясатты жүргүзөт. Кыргызстандын тышкы саясатынын максаттары 2013–2017-жылдарга карата Улуттук өнүгүү стратегиясында кайрадан аныкталган. Кыргызстандын тышкы саясатынын негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет: экономикага инвестиция тартуу, Кыргызстандын жарандарынын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо, регионалдык жана дүйнөлүк аренадагы мамлекеттер менен кызматташууну жакшыртуу. Кыргыз Республикасынын Корей Республикасы менен кызматташуу кызыкчылыгы төмөнкү себептер менен байланышкан: эки өлкөнүн маданиятынын жана менталитенин окшоштугу, Кореянын коомду жана экономиканы өнүктүрүү моделин үйрөнүү, Кыргызстанда корей диаспорасынын, Кореяга эмгек миграциясынын болушу, экономикага инвестицияларды тартуу. Кыргызстандын тышкы саясатындагы максаттардан улам Корея менен кызматташууда экономикалык мамилелерге басым жасалат.

*Түйүндүү сөздөр:* Кыргыз Республикасы; тышкы саясат; максаттар; Корей Республикасы; кызматташуу кызыкчылыгы; кызматташуу багыттары.

# INTERESTS IN THE COOPERATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC WITH THE REPUBLIC OF KOREA

***A.T. Ormonova***

This article discusses the goals and objectives of Kyrgyzstan foreign policy and its interests in relations with the Republic of Korea. Kyrgyzstan is pursuing a multi-vector and open foreign policy where it adheres the democratic principles. The objectives of Kyrgyzstan foreign policy have been redefined in the development strategy for 2013–2017. The main goals and objectives in foreign policy are: to attract investments into the economy; to protect the interests and rights of Kyrgyzstan citizens; to improve relationship with the world and regional countries. Interests in cooperation with Korea are connected with such reasons as: similarity in mentality and culture of two countries; an adoption of the society development model and economy of Korea; the presence of the Korean Diaspora in Kyrgyzstan; labor migration to Korea, attraction of investments into the economy. Based on the objectives in foreign policy, the Kyrgyz Republic, in its relations with the Republic of Korea, focuses more on economic relations.

*Keywords:* the Kyrgyz Republic; foreign policy; goals; Republic of Korea; interests in cooperation; directions of cooperation.

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатындагы негизги багыттарынын бири болуп Корей Республикасы болуп саналат. Макаланын максаты Кыргыз Республикасынын тышкы саясатында Корея Республикасы менен кызматташуусундагы кызыкчылыктарды аныктоо. Ал үчүн биринчи, Кыргызстандын тышкы саясатындагы максаттар каралат. Себеби, тышкы саясаттын максатына ылайык, эки тараптуу кызматташуу жүргүзүлөт. Андан кийин Кореяга болгон кызматташуу кызыкчылыгы аныкталат.

Кыргыз Республикасы 1991-жылы көз карандысыздыкты алгандан баштап ички жана тышкы себептерге байланыштуу дүйнөлүк аренада көп вектордуу тышкы саясатты жүргүзүп келет. Бүгүнкү күндө өлкөнүн негизги ички саясатынын себептери болуп коомдун социалдык-экономикалык абалы саналат [1], ал эми тышкы себептери катары бир нече маданияттар таасир берүүчү аймакта жайгашуусу жана Борбордук Азия регионундагы ири державалардын болушу менен түшүндүрүлөт. Соңку жылдары Кыргызстан Россия, Кытай, АКШ жана башка ири державалар менен социалдык-экономикалык, маданий-саясий жана башка тышкы саясаттагы кызыкчылыктар боюнча кызматташтыктарды, алакаларды түзүп жана өнүктүрүүдө [2, с. 14-б.]. Ошондуктан, Кыргызстандын 26 жыл ичиндеги тышкы саясаты көп вектордуу болуп калууда.

Ачык тышкы саясаттын белгиси болуп, Кыргызстандын региондогу интеграция жана “эл аралык жашоону активдештирүүгө” умтулуусу болуп эсептелет [3, 83-б]. Дагы бир демократиялык принциптери белгиси болуп адам укуктарын сактоо, рынок экономикасына өтүүсү, “коопсуз коомчулукту” куруу, тышкы саясатты демократия принциптерине таянуу менен жүргүзүүсүнө умтулуусу болуп эсептелинет [4, 253-б.]. Кыргыз Республикасы ачык жана демократиялык принциптерге таянган тышкы саясатты жүргүзөт.

Ал эми, Кыргызстандын тышкы саясатындагы негизги максаттары төмөнкүлөрдү камтыйт [4, 252-б.]:

- “Кыргызстандын көз каранды эместигин жана эгемендүүлүгүн чыңдоо”;
- “саясий-дипломатиялык каражаттар менен улуттук коопсуздукту камсыз кылуу”;
- “ички саясий жана социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү жүргүзүү үчүн ыңгайлуу тышкы шарттарды түзүү болуп эсептелет”;
- “Кыргызстандын жарандарынын укуктарын, эркиндигин жана кызыкчылыктарын коргоо” [2, 15-б.] болуп саналат.

Ошондой эле, кыргыз коомчулугу эл аралык аренада коопсуз, тынч дүйнөнү камсыз кылууга аракеттенет. “Кыргызстан азыркы учурдун глобалдуу максатына-бейпил, коопсуз жана эркин эл аралык коомчулукту курууга жетишүүгө колдон келген салымын кошууга умтулат” [4, 253-б.]. Бул анын тышкы саясатында жалпы эл аралык демократиялык принципетрине таянуусун көрсөтөт.

Кыргыз коомун демократиялаштыруу менен бирге тышкы саясаттагы концепциясы жаңыдан түзүлүп, тышкы саясатындагы максат, тапшырмалары 2013–2017-жылдарга карата өнүгүү стратегиясында аныкталган [5, 4-б.]. Ага ылайык, Кыргызстандын тышкы саясатындагы негизги багыты-регионалдык мамлекеттер: Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Кытай, Россия менен мамилелерди кеңейтүү жана жакшыртуу болуп эсептелинет [6].

Кыргызстандын тышкы саясатындагы негизги тапшырмаларына төмөнкүлөр кирет [6]:

- экономикага инвестицияларды тартуу;
- Кыргызстанда жасалган товарларды дүйнөлүк рынокко чыгаруу;
- “…чет өлкөлөрдөгү Кыргызстандын жарандарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо...”;
- Кыргызстандын регионалдык жана дүйнөлүк аренадагы башка мамлекеттер менен кызматташуусу “достук мамилелерге негизденүүгө тийиш”.

Жогорку максаттарды ишке ашырууда тышкы саясаттагы жаңы стратегиясына ылайык, Кыргызстан башка мамлекеттер менен ошондой эле, Түштүк-Чыгыш Азия “...регионунун өлкөлөрү менен натыйжалуу экономикалык жана саясий жактан өз ара аракеттенүүнүн жаңы формаларын издөө” болуп эсептелинет [6].

Кыргызстан эл аралык аренада ачык, көп вектордуу тышкы саясатты жүргүзүү менен экономикасынын өнүгүүсүнө тышкы шарттарды түзүүгө аракет кылат.

Ал эми, Азия мамлекеттеринин бири – Корей Республикасы менен кызматташууга кызыкчылыктар түздөн түз мамлекеттин муктаждыктарына жана талаптарынан улам келип чыгат.

Кыргызстан азаттыкты алгандан кийин Корея Республикасы менен кызматташууда, төмөнкү кызыкчылыктары катары эсептелген:

1) Кыргыз жана корей маданияты жана менталитети эки элди жакындатып тургандыгы;

2) Кыргызстан үчүн Корей Республикасынын экономикасын өнүктүрүү жолу ийгиликтин үлгүсү катары каралуусу;

3) Кыргызстандагы корей диаспорасынын болушу [7, 1-б.].

Бул кызыкчылыктар өзгөргөн жок, ал эми алардын катарына инвестиция, жумуш күчүнүн миграциясы да кошулду.

Инвестиция. Өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу үчүн тышкы саясаттында негизги максаттарынын бири – Кореядан инвестиция тартуу болуп саналат. Азия мамлекеттеринин ичинен

Кыргызстан үчүн Корея менен кызматташуу приоритеттүү. Анткени, Кыргызстан гидроресурс, туризм, транспорт, тоо-кен запастарын өндүрүүгө Кореядан инвестицияларды жана Кореянын инновациялык технологияларын тартууга кызыктар [8, с. 5].

Кыргызстанда негизинен чет өлкөдөн инвестицияларды тартуу үчүн шарттар түзүлүп, келишимдер кабыл алынган. Бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаев 2013-ж. Корей Республикасына расмий иш сапарынын учурундагы инвестициялык форумда белгилеп кеткен. Президент А. Атамбаев Кореянын бизнесмендерин Кыргызстанга инвестиция бөлүү шарттары жана жакшы жактары катары Кыргызстанда салымдын төмөн болушу, Корея менен инвестицияларды коргоо келишими бар болгондугун белгилейт. Ошондой эле, Кыргызстандын Дүйнөлүк Соода Уюму, Бажы Союзуна мүчө болгондугу да артыкчылыгына ээ экендигин белгилеп кеткен [9, с. 3]. Кыргызстан менен кызматташууда 25 ж. ичинде Корея Кыргыз Республикасына 146,5 млн долл. бөлгөн [10, с. 14].

Корея “Азия жолборсторунун” бири болуп, кыска мөөнөттүн ичинде жогорку экономикалык көрсөткүчтөргө жеткен өлкө болгондуктан, Кыргызстан Кореянын өнүгүү жолун үйрөнүүгө кызыгуусу азаттыкты алгандан кийин маанилүү болгон. Чыгыш мамлекеттери, анын ичинде Корея мамлекетти өнүктүрүүдө үлгү боло алат. Коомдук ишмер И. Абдуразаков айтып кеткендей: “Азыр биз үчүн кантип өнүгөбүз актуалдуу маселе болуп жатат. Бир гана жол-Чыгыш мамлекеттерин изилдөө болуп саналат” [11, с. 133]. Бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти белгилеп кеткен. Корея Кыргызстан үчүн бир гана экономиканы өнүктөрүүдө эмес, коомду өнүктүрүүдө да үлгү катары каралат. Алмазбек Атамбаев: “”Корея кереметти” деп калыс аталган ийгиликке жетүүнүн кореялыктардын жолу, демократия орнотуу жана заманбап индустриялуу коом куруунун ыкмаларын үйрөнүүгө биз абдан кызыктарбыз” [12]. Кореянын өнүгүү жолун үйрөнүү кызматташууга болгон кызыкчылыктардын бири болуп саналат.

Кыргызстандын Корея менен кызматташуусундагы дагы бир кызыкчылык болуп жумуш миграциясы эсептелинет жана бул тармак эки мамлекеттин кызматташуусундагы негизги приоритеттүү тармактардын катарына кирет [13, 4-б.]. 2007-жылы Кореяга Кыргызстандан жумуш мигранттарын жөнөтүү жөнүндө Меморандум кол коюлган. Корея жумуш миграциясынын оң жактары көп болгондуктан, бул тармак Корея мамлекети менен кызматташуудагы бир кызыкчылык болуп эсептелинет.

Кыргызстанда корей диаспорасынын болушу эки мамлекетти жакындатып турат, алсак бүгүнкү күндө өлкөдө 20 000 дей корей диаспорасы жашайт жана “Чинсон” ассоциациясы түзүлгөн [14].

Жалпысынан, Кореянын ийгилик моделин үйрөнүү, корей диаспорасы, кыргыз жана корей элдеринин менталитеттеринин окшоштугу кызматташуу өбөлгөсүн түзөт. Кыргызстандын тышкы саясатындагы максатынан улам, Корея менен кызматташуусу өзгөчө экономикага басым жасалат.

***Колдонулган адабияттар***


1. История Кыргызской Республики. URL: http://www.mfa.gov.kg/contents/view/id/36 (дата обращения: 26.04.18).
2. *Дононбаев А.Д.* Внешнеполитическая стратегия Кыргызской Республики: методологические и методические рекомендации / А.Д. Дононбаев // Вестник КРСУ. 2011. Т. 11. № 2.
3. *Джекшенкулов А.Д.* Внешняя политика стран Центральной Азии / А.Д. Джекшенкулов // Вестник КРСУ. 2015. Т. 15. № 12.
4. *Иманалиева Л.* Тышкы саясат // Кыргызстан: Энциклопедия. Бишкек, 2001.
5. *Абдылдаев Э.* Тышкы саясат ички саясаттын уландысы / Э. Абдылдаев // Кыргыз Туусу. 2013. № 1 (11-январь).
6. Тышкы саясатты жаңыча түшүнүү. 2013–2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын алкагында, 2 Глава, п. 2.12. URL: http://www.mfa.gov.kg/contents/ view/id/170 (дата обращения: 27.03.18).
7. Кыргызстан – Южная Корея: приоритеты сотрудничества определены // Слово Кыргызстана. 1992. № 23 (29 января).
8. *Тузов А.* Свободная зона корейского притяжения / А. Тузов // Вечерний Бишкек. 2008. № 239 (18 декабря).
9. *Темир Э.* Ждем инвестиции из Южной Кореи / Э. Темир // Вечерний Бишкек. 2013. № 138 (22 ноября).
10. *Аникин В.* Тост дипломатов / В. Аникин // Вечерний Бишкек. 2017. № 115 (29 сентября).
11. *Абдуразаков И.* Неоконченный диалог / И. Абдуразаков, М. Иманалиев. Бишкек, 2014.
12. Президент Алмазбек Атамбаев кыргыз-кореялык инвестициялык форумдун ишине катышты. URL: http://www.president.kg/kg/okujalar/zhanylyktar/3096_prezident_almazbek_atambaev_kyirgyiz-koreyalyik_investitsiyalyik__forumdun_ishine_katyishtyi/ (дата обращения: 09.12.17)
13. *Эшалиев М.* Лучше работать в Сеуле, чем в ауле / М. Эшалиев //Вечерний Бишкек. 2007. № 62 (3 апреля).
14. Коре-сарамы Кыргызстана. URL: http://www.nlkg.kg/ru/projects/little-kirghizstan/kore-saramy-kyrgyzstana (дата обращения: 31.03.2018).